

## Улутубуздун улуу мурастары даңазаланды

# Уюткулуу элдин

**Быйылкы мамлекетибиздин эгемен күнү кош майрамдар менен башталды. Дегенибиз учурда Нарын жергесинде "Кыргыз шырдагы - Х", "Оймо" эл аралык фестивалы, улуу жазгыч акын Тоголок Молдонун 160 жылдыгына карата "Манас" кароо-сынактары удаа өткөрүлүп жатат.**

Ата-бабадан калган маданий мурастарды даңазалап, дүйнө элине таанытууда манасчылардын, кол өнөрчүлөрдүн жана искусство адамдарынын салымы зор. Алгач фестивалда улутубуздун элдик оозеки чыгармачылыгынын сап башында турган "Манас" эпосунун ооздон оозго өтүп, тарых бетинде оозеки да, жазма түрүндө да калганына чоң салымын кошкон улуу акын Тоголок Молдонун эмгеги даңазаланып, жазгыч акындын 160 жылдыгына карата манасчылардын республикалык таймашы өткөрүлдү.

Жакында улуу акындын 160





сом жана IV орунга Нарын районунан келген Алишер Дүйшөнкулов татыктуу болуп, 15 миң сом жана дипломдор менен сыйлашты. Андан тышкары активдүү катышкандыгы үчүн Элмар Кенжебаев, Куттубек Максат уулу, Салтанат Ынтымак кызы сыяктуу катышуучулар беш миң сом жана дипломдорго ээ болушту.

Иш-чаранын жүрүшүндө КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Бейшенаалы Нурдинов, Эл бүгүнкү сынагында жалпы эки миңден ашык шырдак коюлганы белгилүү болду. Жылдан жылга кароо-сынакка алынып келинген шырдактардын түрү да, саны да көбөйүп, сапаты жагынан жакшырып келатканын серепчи Динара Чочунбаева айтты. Быйылкы жылдагы кароо-сынакта унутта калган сайма шырдак жана терме шырдактын жасалып, көргөзмөгө чыкканы чоң жетишкендик катары бааланды. Шырдак да баалабай, жасабай да калышкан. Азыркы учурда шырдактын баалуулугун билген адамдар үйлөрүнө салып, интерьерде да пайдалана баштады. Шырдактын сатыктагы баасы чарчы метри сапатына жараша сегиз миң сомдон жогору",-деди ЮНЕСКОнун маданий мурас жана кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү боюнча серепчиси Динара Чочунбаева.

Кыргыз шырдагынын жасалышында жергиликтүү өзгөчөлүктөргө карай анын аты да ар кайсы жерде ар башкача аталат. Кароо-сынакта калыстар тобу бардык аймактардан келген шырдактарга баам салып, алардын ичинен "Эң мыкты шырдак", "Заманбап шырдак", "Мурас шырдак" номинациясы боюнча байгелүү орундарды ыйгарышмакчы. Андан сырткары 16-30 жашка чейинки кыз-келиндердин колунан чыккан шырдактар көңүл сыртында калбай, комиссия тарабынан аныкталат.

Бул кароо-сынакта шырдактардан тышкары тамак-аштардын көргөзмө-жарманкеси, "Устат-шакирт" мектебинин чебер-класстары өткөрүлдү. Ошондой эле колунан көөрү төгүлгөн усталардын эмгегинен жаралган ат жабдыктары, зергер буюмдары коюлуп, чет элден келген туристтердин кызыгын арттырды. Ак-Талаа районунан келген зергерчи Сүйүнаалы Момунбаев өнөр менен келе жатканына көп жылдын жүзү болгонун, фестиваль, кароо-сынактардан калбай, активдүү катышып жүргөнүн айтты. Учурда өткөрүлүп жаткан фестивалда колунан чыккан бир катар буюм-тайымдары жакшы баада сатылып, киреше тапканын кубануу менен кошумчалады.

"Чет элдик туристтерди тартып, туризм тармагын жакшыртууда мындай фестиваль, кароо-сынактардын мааниси чоң. Буга чейин өзүбүздө чет жерлерде уюшту-



# өлбөс табериги

Жакында улуу акындын [illegible] жылдык маарекесин утурлай Бишкек шаарында төкмө акындардын айтышы өткөнүн, алдыда 30дан ашуун мамлекеттердин катышуусу менен дүйнөлүк эпос фестивалы эл аралык деңгээлде өткөрүлө турганын жана өлкөбүздөгү чыгаан, чоң манасчылар арасында кароо-сынак болоорун КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Кайрат Иманалиев билдирди.

"Уламадан уккан сөз, улам бирге жуккан сөз, арсыздарга токтобой, азамат эрге конгон сөз" дегендей, бүгүн манасчылардын башы биригип, улутубуздун улуу руху болгон "Манасыбызды" даңазалап отурабыз. Эртеден бери "Манас" жаңырып турганда кыргыздын намысы ойгонуп, улутубуздун руху тазарып, жанданып жатат десек жаңылышпаймын. Ылайым "Манасыбыз"жаңырып, эгемендүүлүгүбүздүн мааниси артып, көз карандысыздыгыбыз өлкөбүзгө бүйрусун. Келечектен көптү үмүттөндүргөн жаш манасчыларыбыз өсө берсин"-деди К.Иманалиев.

Ошентип кылымдар бою сакталып келген улуу мурасыбыз болгон океандай чалкыган "Манасыбыз" аянтта жаңырып, манасчылардын республикалык таймашы өтүп, ага бардык облустардан жалпы 40 манасчы катышты. Жыйынтыгында баш байгени Ат-Башынын кулуну Нурбек Талантбеков жеңип алып, КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин диплому жана 100 миң сом менен сыйланды. Ошондой эле, I орунга Нарын районунан Бексултан Имашев чыгып 50 миң сом жеңип алды. Ал эми II орунду Бишкек шаарынан келген Төлөбек Муса уулу ээлеп 30 миң сом, III орунду Талас районунун манасчысы Белек Бактыбеков жеңип 20 миң жазуучусу Асан Жакшылыков, манасчы Рыспай Исаков жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү сөз сүйлөп, кароо-сынакка катышып жаткандарга жылуу тилектерин жолдошту.




"Кыргыз шырдагы-Х" фестивалынын ачылышы Ош, Баткен, Ысык-Көл, Чүй, Талас, Жалал-Абад облустарынан жана Нарын облусунун бардык райондорунан келген кол өнөрчүлөрдүн жөө жүрүшү менен башталды. Аянтка кыргыз элинин сергек акылы менен жасалган улуттук боз үйү тигилип, жез оймок уз чеберлердин, колунан көөрү төгүлгөн усталардын жасаган буюмдары жайылып, уюштурулган кароо-сынактын көркүн ого бетер ачты.

Бүткүл дүйнөлүк кол өнөрчүлөр Кеңеши тарабынан 2019-жылы "Нарын-кийиздин мекени" деген наамга ээ болгон. Жакында бул макамды тастыктоочу сертификат тапшырылып, ал аркылуу бүткүл дүйнөлүк кол өнөрчүлөрдүн картасына кирип, аймактарда жумуш орундарын түзүүдө чоң мүмкүнчүлүктөр түзүлөөрүн КРнын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Сабыркул Ашимбаев өз сөзүндө белгиледи. Мындай фестиваль буга чейин да жер-жерлерде өткөрүлүп, кыргыз брэнди болгон кыргыз шырдагын чет өлкөнүн бир катар өлкөлөрүнө экспорттоо мүмкүнчүлүгүнө жол ачкан.

Он жылдан бери тынбай өтүлүп келе жаткан фестивалдын




өнөрүн аздектеген, ар бир оюуга баа берген кол өнөрчүлөр бири-бири менен жакындан таанышып, мастер-класс аркылуу тажрыйба алмашууга жетишишти.

"Кыргыз элинин сыймыктана турган бирден бир буюму-бул шырдак. Шырдак өнөрүн аздектеген, оюуга баа берген адам караса шырдак үстүндөгү оюу сүйлөп турат, жандуу болот. Дүйнөдө кийизчиликке колу тийбеген эл жок. Бирок, шырдак жасаган эл саналуу, алардын ичинде кыргыз, казак, монгол бар. Бирок, кыргыз шырдагы кооздугу гана эмес сапаттуулугу, колдонуудагы ыңгайлуулугу, экологиялык жактан тазалыгы менен алдыңкы орунду ээлеп, дүйнө аренасына чыгып отурат. Ортодо кыргыздар өздөрү

рулган кароо-сынактарга катышып жүрөм. 186 мамлекеттин катышуусу менен болгон фестивалга катышып, Германиядан 1-орунду камсыздап келгем. Кыргыздын кол өнөрчүлүгүн даңазалап, дүйнө элине жайылтууда уздардын, мага окшогон усталардын эмгеги бийик десем болот. Бирок, мамлекет тарабынан колдоолор аз. Маселен, чет жердеги кароо-сынактарга барганда тамак-аш, жол кире, жатакана жагынан камсыздап турса, улутубуздун улуу мурастары даңазаланып, мындан да өсүп-өнмөк",-дейт зергерчи, чегээчи Сүйүнаалы Момунбаев.

Уста, уз, зергерлердин муундан муунга мурас катары келе жаткан асем буюмдары улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү, калктын тарыхый эстелиги, калк казынасы катары сакталып келе жатат. Андыктан, улутубуздун улуу мурастарын аздектеп, аларды даңазалап, келечек муунга өткөрүп берүү ар бирибиздин милдетибиз экенин унутпайлы.

**А.КАДЫРКУЛОВА.**